● *Ош 3000*

# МУЗЕЙДИН СЫРДУУ ЭКСПОНАТТАРЫ

Сулайман тоосундагы үңкүр—тутумдун бул сейрек кездешүүчү курулушу 1978-жылы бүткөрүлгөн. Анын курулушу 1973—жылы башталган болчу.

Тутумду куруу жумушунда архитекторлор, сүрөтчүлөр жардыруучулар, куруучулар, жолчулар, край таануучулар жана башка көптөгөн адистер иштешкен. Үңкүр—эки тегиздикке курулган. Тутумдун төмөнкү бөлүгү — өзүнчө жасалма үңкүрлөр менен бириктирилип, ал эми үстүнкү бөлүгү жаратылыштагы үңкүрдүн өзү сакталып калынган. Курулуш 13 бөлмөдөн туруп, жалпы аянты 1235 кв. м түзөт.

Үңкүрдүн ичиндеги абанын температурасы жыл боюу +16+17 градустагы бирдей жылуулукту сактап турат. Үңкүрдүн ички төбөлөрүн Майлы—Сай электрлампа заводу тарабынан атайын буюртма менен жасалган чырактар жарык кылып жана көркүн ачып турат.

1982—жылдан баштап Сулайман Тоосу жана анын тегереги корук жер деп жарыяланып, областтык тарыхый край таануу музейи музей—корукка айландырылган. Музей—коруктун территориясына байыркы жана орто кылымын маданиятынын бир катар эстеликтери жайгашкан. Алар тоонун түштүк боорундагы коло доорунда Ошто жашаган адамдардын үй орундары тоонун чыгыш жагындагы мончонун калдыгы, тоонун түштүк чыгыш тарабындагы XI—XII—кылымга таандык Асаф—ибн—Бурхия мазары ж.б.

Сулайман тоосу чынында эле эмгекчи элдин жана башка жактан келген меймандардын эс алуучу жайына айланып бара жатат. Бул тоо өрөөндүн ортосуна тоо пайда болуу процессинде 30 миллион жыл мурун жаралган. Тоо деңиз деңгээлинен 1106 м. бийиктикке жайланышкан. Тоонун өзүнүн бийиктиги 100—150 м., узундугу 1,5 км., туурасы 120 м. Ал өтө катуу мраморлонуп кристаллданган аска таш тектеринен турат. Түштүк—Кыргызстан геологиялык экспедициясынын геологдорунун аныктоосу боюнча бул тектердин жаралганына 300—350 млн. жыл болгон.

Төрт чокулуу Сулайман тоосу Ош шаарынын эң ортосунда турат. Тоо жана биздин Ош шаарыбыз туурасында бизге көптөгөн уламыштар жана легендалар келип жетти. Бүткүл дүйнөгө белгилүү илимпоз, адабиятчы, аскер башчы Закиреддин Бабур XIV кылымдын башында өзүнүн «Бабур—наме» аттуу китебинде Ош жөнүндө мактап жазат.

«Дагы бир шаар— Ош. Ал Анжияндын түштүк—чыгыш тарабында, төрт жыгач жол аралыкта турат. Абасы эң бир таза, аккан суулары көп, жазы эң бир жакшы. Оштун баалуулугу тууралуу көп уламыштар айтылат.»

«Крепосттон караганда түштүк-чыгыш тарапта Бара—Кух деп аталган сулуу тоо турат»...

«Абасынын тазалыгы жана көркөмдүгү жагынан Фергана облусунда Ошко тең келе турган шаар жок».

Азыркы убакта Оштогу бириктирилген тарыхый—маданий музей—коруктун Сулайман тоосундагы үңкүр-комплексинде көргөзмөлөр убактылуу көрсөтүлүүдө: анда «Коло доорунда Ошто жашаган адамдардын үй орундары», «Крайдын байыркы орто кылым тарыхына байланышкан буюмдар», «Түштүк Кыргызстан жеринин көрүнүшү жана жаныбарлар дүйнөсү», «Түштүк Кыргызстандын пайдалуу кендери» сыяктуу көргөзмөлөр бар.

Үңкүр тутумдун экспозициясы археологиялык табылгалардан башталат.

Биздин жердин бардык булуң—бурчтарынан аскалардын бооруна же таштардын бетине тартылган сүрөттөрдү кезиктирүүгө болот. Сиздин назарыңызга аркардын сүрөтү бар таштын сыныгы тартылат, ал деңиз деңгээлинен 3200 метр бийиктикте турган Фергана тоо кыркасынын Көк—Арт ашуусундагы Саймалуу—Таш аскасынан алынып келинген.

Бул жер—коло кылымынан баштап узак убакытка чейин чегилген бир нече миңге жакын элестери бар аска сүрөттөрүнүн коругу болуп эсептелет. Бул жерге келген кийинки адамдар асканын бетине жаңы сүрөттөрдү тартып калтырышкан. Бул таштагы аркар геометриялык үлгүдө тартылган: аркардын денеси үч бурчтук түрүндө көрсөтүлгөн. Геометриялык үлгү коло кылымына гана таандык. Саймалуу—Таш аскасынан алынып келинген бул таштагы аркардын сүрөтүнүн тартылганына кеминде үч жарым миң жыл болгон.

**К. ТАШБАЕВ**

**(Уландысы кийинки санда)**

# МУЗЕЙДИН СЫРДУУ ЭКСПОНАТТАРЫ

**(Башталышы өткөн санда).**

Сулайман тоосунун аскасына тартылган лабиринттин гипстелген үлгүсү коло кылымында тоонун айланасында жашаган уруулар тарабынан тартылышы мүмкүн.

Лабиринттин чиймелери табылуу маасине ээ болгон Таш—Көмүр шаарынын аймагынан аска сүрөттөрүнүн чогултулган түрү табылган. Боорунда бир топ «бара жаткан» аркалардын, колунда камчысы бар атчан адамдын жана чыккан күндүн сүрөтү бар бул таш көргөзмөгө коюлган. Таш—Көмүрдөн табылган аркардын сүрөтү Сай малуу—Таш аскасындагы аркарлардын сүрөтүнөн кеминде миң жылга жаш.

Биздин эрага чейинки VII-I кылымдардын аралыгында Фергана өрөөнүнүн чет жакаларында, тоо этектеринде жана тоо арасындагы өзөндөрдө мал баккан адамдар жашаган. Алар өздөрүнүн башчыларына баш ийген көп төгөн уруулардан турган. Сактар менен усундардан бай уруу аристократтары бөлүнүп чыккан.

Коло казан— 2500 жыл мурун жерге коюлган сак көрүстөнүнөн табылган.

Биздин жерлердин аймагынан байыркы адам сөөктөрүн көргө коюнун ырым-жырымы ар түрдүү болгон. Сиздин назарыңызда адам сөөгү коюлган капкактуу арча сандык турат, анын төрт тутkасы бар.

Байыркы адамдардын ойлоолору боюнча адам өлгөндөн кийин да жашайт дешкен, андыктан алар көргө адам менен бирге койдун бышырылган этин, көзөөлөргө айран, сүт, кымыз куюп коюшкан. Мындай көрүнүштү Баткен районундагы Кара—Булак көрүстөнүнөн көрүүгө болот. Бул жердеги адам сөөгү II—IV—кылымдарда коюлган.

Таштан жасалган скульптуралык сүрөттөрдү VII-VIII кылымдардан баштап көрүстөнгө өлгөн туугандарына арнап түрктөр кое баштаган.

Жерди иштетүүнүн байыркы чоң борбору болгон азыркы Өзгөн районунун аймагындагы Шоробашат шаарчасын казуу убагында 2300 жыл мындан мурунку бир туткалуу, колго жасалган, байыркы өз убагында сынып калып кайра ондолгон издери менен жазуусу бар ачык кызыл көгүш түстөгү көзөө табылган. Ушул эле жерден байыркы кадоолору менен жез казан да чыккан.

Биздин доордун биринчи кылымдарында чоподон идиштерди жасоо кеңири өнүгөт.

Мустахара—фляга боорунда жебеге окшош тамга тибиндеги белгиси бар суу ташуу үчүн жасалган.

Күү (май чыгаргыч) — XIII—XIX—кылымдарда жашаган дыйкандардын үй-буюмунун бир түрү. Анын жанында ушул эле кылымдарда колдонулган чоподон жасалган ысырык идиш. Бул көргөзмөгө коюлган идиш жергиликтүү элдин арасына ислам дининин таралышына ылайык идеологиялык түшүнүккө байланышат.

Сиздердин көз алдыңыздарда жыгач сап орнотo турган көзөнөгү бар кен казуучу таш балка, кенди майдалоочу тоголок таш базган, чоподон жасалган көзөөчө жана сымапты тектерден бөлүп алуучу металл эриткич турат.

X кылымда караканиддер династиясы башында турган феодалдык мамлекет пайда болот. XI—XII кылымдарда шаарлардын тез өсүп жана өнүгүшүнүн мезгили болот.

X кылымдын жазма булактары азыркы түштүк Кыргызстандын аймагындагы бир катар чоң шаарлардын аттарын бизге жеткирди. Алар —Ош,—Өзгөн, Медва (азыркы Мады кыштагы), Хуршаб, (азыркы Куршаб) ж.б.

Бул жерде орто кылымдагы кол өнөрчүлөрдүн темирден жасаган (соконун тиши, кетмен, күрөк, балта) усталардын буюмдары коюлган.

Чоподон жасалган чырактар түнү үйдү жарык кылуу үчүн кызмат кылып, үй ичинде очок болгон, анын дубалдары кештеленген, балдар үчүн карапалардын ооздору идиштердин капкактары менен жабылган, чопо кутулар кошумча түшүндүрүүлөрдү талап кылбайт.

Орто кылымдагы идиштер карапачылар тарабынан жасалса да, айрымдары кол менен жасап алышкан. Алар ооздору жана чоргоосу бар кумуралар оозу— иттин, түлкүнүн, камандын тумшугуна окшош болуп сууну толтуруш үчүн ылайыкталган, чоргоосу-жаныбарлардын кекиртегине окшош болуп сууну куюу үчүн ылайыкталган. Бир туткалуу кумуралар да кол менен жасалып алынган.

Идиштердин кызыктуу түрлөрү Оштук карапачылар тарабынан мындан 800 жыл мурун жасалган. Бул идиштердин формасы өзгөчө — шар түспөлдүү келип, оозу абдан тар болуп калың келет. Оңой менен жарылбайт. Идиштердин бир бөлүгү кошумча ката элек ылайга мөөрлөндүрүп кеште түшүрүлгөн. Алар сымапты бир жерден экинчи жерге ташып алып баруу үчүн пайдаланылган бул убакта али белгилүү болуп калган жарылуучу заттар менен толтурулуп, нефть куюлуп, от коюлуп ыргыткыч машиналар менен шаарлардын ичине ыргытылган.

Орто кылымдагы шаарлар көрктөндүрүлүшү жакшы жолго коюлган. Бул тууралуу суу түтүктөрүнүн табылышы бизге көп нерсени айтып турат.

XI—XII—кылымдардагы курулган Оштогу күмбөздөрдүн дубалдарынын көрүнүштөрүнүн сыныктары бүгүн бизде сакталып турат.

Мындагы таш биздин шаардын жашоочусу (ал — Уши—Оштук) азыркы жыл эсеби боюнча 1340—жылы 2 июнда каза болгон Хафис — аддинге багышталган. «Анын өлүмү жүрөктү жаралады» — деп кайгырышкан тирүүлөр.

**К. ТАШБАЕВ,**
**жазуучу.**

**(Атайын «Вечерний Ош» гезити үчүн).**